# КЫРГЫЗСТАНДА САЛЫКТЫК КАБЫЛДООЛОР

**Абдиева Разия**, доц. м.а., PhD <abdievaraziya@gmail.com>
**Дөөлөталиев Боогачы**, экономика магистри <boogachy@gmail.com>
Кыргыз-Түрк Манас университети

**Кыскача мүнөздөмө**

Салыктар ар бир мамлекеттин негизги киреше булагы болуп саналат. Салык төлөөчүлөрдүн салыктык кабылдоолору жана салыкка болгон көз караштары салыктык жүрүм-турумдарына таасирин тийгизет жана салык маданиятын жаратуудагы алгачкы кадам болуп саналат. Салык төлөөчүлөрдүн салыктык кабылдоолорунун оң болуусу салыктык милдеттенмелерин туура жана так аткаруусуна себеп боло алат.

Бул макалада Кыргызстанда салыктык кабылдоо изилденген. Анализ Бишкек шаарында 2013-жылы 400 респондентке жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктарына таянуу менен жасалды.

**Негизги сөздөр:** Салыктык кабылдоо, салыктык милдеттенмелерди ыктыярдуу түрдө аткаруу, Кыргызстан.

**JEL codes:** H26, H30, H41

# TAX PERCEPTION IN KYRGYZSTAN

Assistant Professor, PhD **Abdieva Razia** <abdievaraziya@gmail.com>
**Doolotaliev Boogachy**, Master of Arts in Ecomomics <boogachy@gmail.com>
Kyrgyzstan-Turkey Manas University

**Abstract**

Taxes are the main source of every government’s revenue. Tax perception is the first step to the willingness to pay taxes that called tax morale. According to the state of the tax perception taxpayer will choose to pay or evade taxes. That’s why positive tax perception and tax awareness are directly affect tax behavior and government revenue.

The purpose of this study is to analyze tax perception and its impact on voluntary tax compliance decision. Analysis will be based on the questionnaire that conducted in 2013 in Bishkek city of Kyrgyzstan to 400 people. The results of analysis showed that 68% of the respondents are counted taxes as the payment for the public goods. At the same time 51% of the respondents are answered that tax system of the country is not unfair. Probit model will be used to identify the relationship between tax perception and voluntarily tax compliance.

**Keywords**: Tax Perception, Voluntary tax compliance, Kyrgyzstan.

**JEL codes:** H26, H30, H41

# НАЛОГОВОЕ ВОСПРИЯТИЕ В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Абдиева Разия**, и.о. доц. <abdievaraziya@gmail.com>
**Доолоталиев Боогачы**, магистр экономики <boogachy@gmail.com>
Кыргызско-Турецкий университет «Манас»

**Аннотация**

Налоги являются основным источником доходов каждого правительства. Налоговое восприятие влияет на налоговое поведение, другими словами, на исполнение налоговых обязательств налогоплательщиков. Налоговое восприятие – это первый шаг к налоговой культуре. Поэтому позитивное налоговое восприятие налогоплательщиков важно для достижения эффективности налоговой системы государства.

Целью этого исследования является изучение налогового восприятия в Кыргызстане. Анализ основывается на результатах анкетирования 400 респондентов города Бишкека, проведенного в 2013 г.

**Ключевые слова:** налоговое восприятие, добровольное соблюдение налогового законодательства, Кыргызстан.

**JEL коды:** H26, H30, H41

### 1. Салыктык кабылдоо түшүнүгү жана мааниси

Салыктар мамлекеттин эң негизги кирешеси болуп саналат жана салык саясаты салык төлөөчүлөрдүн жүрүм-турумуна таасирин тийгизет. Ошол эле мезгилде, салык төлөөчүлөрдүн жана коомдун жүрүм-туруму салык саясатына таасирин тийгизе алат (Özgün жана Yüksel, 2018).

Салык төлөөчүнүн салыкты эч кандай сырттан коркутуу, зордоо же басмырлоосуз өз ыктыяры менен төлөө сезиминин же ички мотивациясынын пайда болушуна, башкача айтканда, алардын салык маданияты эмнеден жаралаары жана кандай факторлор таасирин тийгизе тургандыгы 1990-жж. баштап экономисттерди кызыктырып келген. Бул сферадагы изилдөөлөрдүн жыйынтыктары салык төлөөчүлөрдүн маданиятына алардын салыкка болгон көз караштары, салыктык аң-сезимдери жана салыктык психологиялары социалдык нормалар жана салык системасынын адилеттүүлүгү боюнча көз караштары жана мамлекетке болгон ишеними сыяктуу социалдык-психологиялык факторлор, мамлекеттин жүргүзгөн фискалдык саясаты, децентрализациянын деңгээли жана салык органдары менен болгон мамилеси сыяктуу саясий факторлор жана салыктык ставкалар, штрафтар жана салыктык текшерүү ыктымалдуулугу сыяктуу экономикалык факторлор таасирин тийгизе тургандыгы белгилүү болгон (Torgler Schaffner, 2007; Frey and Torgler, 2007; Alm ж.б., 2006).

Салыктык маданияттын пайда болушунун эң алгачкы этабы адамда салык жөнүндө түшүнүк же болбосо салыктык аң-сезимдин жаралышы болуп саналат. Бул этапта адамдын салыкка болгон оң же терс көз карашка, башкача айтканда салыктардын пайдалуу жана керектүү экендиги же адилетсиз болгондугу жөнүндө көз карашка ээ болушу салыкты өз ыктыяры менен төлөө же салыкты төлөөдөн качуу сыяктуу эки чечимдин бирөөсүн тандоосуна багыт берген маанилүү фактор болуп саналат (Torgler, 2004:169).

Салык системасынын эффективдүү жана ийгиликтүү иштөөсү үчүн салык төлөөчүлөрдүн салыктарды кандай кабыл алгандыгы, салыкты төлөп жаткандыгын билүү жана баамдоосу маанилүү болуп саналат. Салык төлөөчүлөрдүн салыктык милдеттенмелерин так жана туура аткаруусу үчүн керектүү негиз болот.

Салыктык кабылдоо – адамдын ички жана сырткы стимуляторлордун таасири астында аң-сезиминде салык боюнча түзүлгөн ой-пикирлер жана түшүнүктөр (Sağlam, 2013: 319; Akıncı ve Başol, 2015: 172).

Салыктык аң-сезим, салык жөнүндө түшүнүк жана салыкты кабылдоолоруна салык төлөөчүлөрдүн билим деңгээли жана экономикалык абалы менен кошо салык системасы боюнча көз караштары, салык органдарынын мамилелери жана ошондой эле коомдук кызматтардан алган пайдасы маанилүү таасирин тийгизет.

Түркияда салыктык жүрүм-турумду жана кабылдоону 1993-жылы Muter, Sakınç жана Çelebi Маниса областында 505 салык төлөөчүгө сурамжылоо жүргүзүү аркылуу изилдеген. Gerçek жана Yüce (1998) Бурсада соода жана өндүрүш палатасынын 235 мүчөсүнө анкета жүргүзүү менен анализдеген.

Sağlam (2013) Түркияда Хитит университетинин 330 студентинен салыктык кабылдоо жана салыктык аң-сезимдерин изилдөө максатында сурамжылоо жүргүзгөн жана анализдин жыйынтыгында студенттердин 94 пайызы салык жарандык милдет экендигин, 90,6 пайызы салык коом үчүн пайдалуу экендигин билдиришкен. Ошол эле мезгилде, алар салык ставкаларынын жогору жана салык системасынын адилетсиз экендигин белгилешкен.

Абдиева жана Жумакунова (2017) Кыргызстанда салыктык аң-сезимге таасирин тийгизген демографиялык жана саясий факторлорду изилдешкен. Изилдөөнүн

жыйынтыгында эркектердин салыктык аң-сезиминин аялдарга караганда жогору экендиги аныкталган. Жаштын салыктык аң-сезим менен оң байланышта, ал эми киреше деңгээлининин болсо терс байланышта экендиги көрсөтүлгөн.

## 2. Сурамжылоонун жыйынтыгы

Кыргызстанда салык төлөөчүлөрдүн салыктык кабылдоолорунун анализи 2013-жылы Бишкек шаарында 400 респондентке жүргүзүлгөн сурамжылоого таянат. Бул сурамжылоого катышкандардын 60,7 пайызы аял жана 39,3 пайызы эркек экендиги аныкталган.

Таблица 1. Респонденттердин жынысы боюнча таркалуусу

| | Саны | Пайызы |
|---|---|---|
| Аял | 243 | 60,75 |
| Эркек | 157 | 39,25 |
| Жалпысы | 400 | 100 |

Респонденттердин билим деңгээлине карата таркалуусу боюнча, алардын 8,5 пайызы орто мектепти, 11,75 пайызы орто кесиптик мектепти, 73,25 пайызы университетти бүтүргөндүгүн жана 4,75 пайызы илимий даражаларынын бар экендигин белгилешкен.

Таблица 2. Респонденттердин билим деңгээлине карата таркалышы

| | Саны | Пайызы |
|---|---|---|
| Орто | 34 | 8,5 |
| Орто кесиптик | 47 | 11,75 |
| Жогорку | 293 | 73,25 |
| Илимий даража | 19 | 4,75 |
| Жалпысы | 400 | 100 |

Респонденттердин жашына карата таркалуусу респонденттердин 39 пайызынын 16-29 жаш арасы экендигин, 42,6 пайызы 30-49 жаш арасында, 16,3 пайызы 50-69 жаш арасында жана 5,3 пайызы 70 жаштан жогору экендигин көрсөтүп турат. Респонденттердин эң көп бөлүгү Кыргызстанда 49 жашка чейинкилер, башкача айтканда жаштардын басымдуулук кылаарын айтууга болот.

Таблица 3. Респонденттердин жашына карата таркалышы

| Жашы | Саны | Пайызы |
|---|---|---|
| 16-29 | 156 | 39,0 |
| 30-49 | 170 | 42,6 |
| 50-69 | 65 | 16,3 |
| 70 жана жогору | 9 | 5,3 |
| Жалпысы | 400 | 100 |

Респонденттердин 66,25 пайызы үй-бүлөлүү, 33,75 пайызы бойдок экендиги байкалган.

Таблица 4. Респонденттердин үй-бүлөлүк абалына карата таркалышы

| | Саны | Пайызы |
|---|---|---|
| Үй-бүлөлүү | 265 | 66,25 |
| Бойдок | 135 | 33,75 |
| Жалпысы | 400 | 100 |

Респонденттердин айлык орточо киреше деңгээли алардын 11,5 пайызы 5000 сомго чейин экендигин, 30,25 пайызы айлык орточо киреше деңгээлинин 5001-10 000 сом, 23

пайызы 10 001-15 000 сом ортосунда, 20 пайызы 15 001 жана 25 000 сом жана 11 пайызы айлык орточо киреше деңгээлинин 25 001 ден жогору экендигин билдиришкен.

Таблица 5. Респонденттердин орточо айлык киреше деңгээлине карата таркалышы

| Сом | Саны | Пайызы |
|---|---|---|
| 5000ге чейин | 46 | 11,5 |
| 5001-10000 | 123 | 30,25 |
| 10001-15000 | 92 | 23,0 |
| 15001-25000 | 80 | 20,0 |
| 25001ден жогору | 44 | 11,0 |
| Жалпысы | 400 | 100 |

Респонденттердин 87,75 пайызы салыктын керек экендигин жана 12,25 пайызы салыктын кереги жоктугун айтышкан. Сурамжылоого катышкандардын көп бөлүгүнүн салыктын керек экендигин билдирүүсү салыктык кабылдоолорунун позитивдүү экендигин көрсөткөн көрсөткүчтөрдүн бири деп айтууга болот.

Таблица 6. Салыктын кереги барбы?

| | Саны | Пайызы |
|---|---|---|
| Ооба, керек | 351 | 87,75 |
| Жок, кереги жок | 49 | 12,25 |
| Жалпысы | 400 | 100 |

Респонденттердин 14,5 пайызы салыкты ыйык милдет катары кабыл алышат. Ал эми респонденттердин басымдуу бөлүгү (68,75 пайызы) салыкты коомдук кызматтар үчүн төлөм деп эсептешет. Респонденттердин 6,75 пайызы болсо салыкты салык төлөөчүлөр үчүн жүк, 4 пайызы ишкердүүлүккө тоскоолдук жана 0,5 пайызы жамандык деп айтышкан. Ал эми респонденттердин 5,5 пайызы бул суроого жооп берген эмес. Жалпысынан алганда сурамжылоого катышкандардын 83,25 пайызы (салыкты ыйык милдет катары кабыл алгандар (14,5 пайыз) менен салыкты коомдук кызматтар үчүн төлөм деп эсептегендер (68,75 пайыз) бирге) салыкка оң көз караштa экендиги көрүнүп турат. Бирок, респонденттердин 68,75 пайызы салыкты коомдук кызматтар үчүн төлөм дегендиктен алардын салыкка болгон мамилелери мамлекет тарабынан камсыз кылынган коомдук кызматтардын (билим берүү, саламаттыкты сактоо ж.б.) сапаты жана жеткиликтүүлүгүнө жараша боло тургандыгын белгилеп кетүү керек.

Таблица 7. Салык төлөөчүлөрдүн салыкты кабылдоолору

| | Саны | Пайызы |
|---|---|---|
| Салык – бул ыйык милдет | 58 | 14,5 |
| Салык – бул коомдук кызматтар үчүн төлөм | 275 | 68,75 |
| Салык төлөөчүлөр үчүн жүк | 27 | 6,75 |
| Ишкердүүлүккө тоскоолдук | 16 | 4,0 |
| Жамандык | 2 | 0,5 |
| Жооп бербегендер | 22 | 5,5 |
| Жалпысы | 400 | 100 |

Салык төлөөчүлөрдүн салыктык аң-сезимин алардын салыкты төлөгөндүгүн билгендигине же баамдагандыгына жараша да аныктоого болот. Ал эми салыктык аң-сезим салыктык кабылдоого таасирин тийгизет. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы респонденттердин 55,5 пайызы киреше салыгын, 12,75 пайызы пайда салыгын төлөгөндүгүн

айтышкан. Сурамжылоо жеке жактарга жүргүзүлгөндүктөн пайда салыгын төлөгөндөр төмөн болушу ыктымал. Себеби пайда салыгын ишкердүүлүк менен алектенген ишканалар жана жеке ишкерлер төлөшөт.

Респонденттердин 24,75 пайызы кошумча нарк салыгын жана 10,5 пайызы гана сатуудан алынуучу салыкты төлөгөндүгүн билдиришкен. Кошумча нарк салыгы товар жана кызматтардын кошулган наркына, ал эми сатуудан алынуучу салык болсо товар жана кызматтардын баасына кошулгандыктан бул салык дээрлик бардык салык төлөөчүлөр төлөгөн салыктар болуп саналат. Бирок бул салыктар кыйыр салык болуп саналгандыктан салык төлөөчүлөрдүн бул салыктарды төлөгөндүгүн билишпегендиги аныкталды. Бул болсо салык төлөөчүлөрдүн салыктык аң-сезими төмөн экендигин көрсөтүп турат.

Респонденттердин 29,5 пайызы мүлк салыгын жана 48 пайызы жер салыгын төлөшкөндүгүн билдиришкен. Демек салык төлөөчүлөр өздөрү төлөгөн түз салыктарды төлөшкөндүгүн жакшыраак билишет. Респонденттердин 4,75 пайызы эч бир салык төлөбөгөндүгүн жана 5,75 пайызы башка салыктарды төлөшкөндүгүн айтышкан.

Таблица 8. Респонденттердин кайсы салыктарды төлөгөндүгү боюнча маалыматтар

| | Ооба | | Жок | | Жалпы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Пайызы | Саны | Пайызы | Саны | Пайызы |
| Киреше салыгы | 222 | 55,5 | 178 | 44,5 | 400 | 100 |
| Пайда салыгы | 51 | 12,75 | 349 | 87,25 | 400 | 100 |
| Кошумча нарк салыгы | 139 | 24,75 | 261 | 65,25 | 400 | 100 |
| Сатуу салыгы | 42 | 10,5 | 358 | 89,5 | 400 | 100 |
| Мүлк салыгы | 118 | 29,5 | 282 | 70,5 | 400 | 100 |
| Жер салыгы | 208 | 48,0 | 192 | 52,0 | 400 | 100 |
| Эч бирин төлөбөйм | 19 | 4,75 | 381 | 95,25 | 400 | 100 |
| Башка салык | 23 | 5,75 | 377 | 94,25 | 400 | 100 |

Респонденттер салыктардын ичинен эң көп киреше салыгынын жүгүн сезишет (26,5 пайызы). Ошону менен бирге респонденттердин 18,75 пайызы кошумча нарк салыгынын жана 17,5 пайызы мүлк салыгынын жүгү оор деп белгилешкен. Салыштырмалуу түз салыктардын жүгүн көбүрөөк сезишкендигин айтууга болот.

Таблица 9. Респонденттердин кайсы салыктардын жүгүн оор деп эсептегендиги боюнча маалыматтар

| | Ооба | | Жок | | Жалпы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Пайызы | Саны | Пайызы | Саны | Пайызы |
| Киреше салыгы | 106 | 26,5 | 294 | 73,5 | 400 | 100 |
| Пайда салыгы | 32 | 8,0 | 368 | 92,00 | 400 | 100 |
| Кошумча нарк салыгы | 75 | 18,75 | 325 | 81,25 | 400 | 100 |
| Сатуу салыгы | 33 | 8,25 | 367 | 91,75 | 400 | 100 |
| Мүлк салыгы | 70 | 17,5 | 330 | 82,5 | 400 | 100 |
| Жер салыгы | 13 | 3,25 | 387 | 96,75 | 400 | 100 |
| Эч бирин төлөбөйм | 78 | 19,5 | 322 | 80,5 | 400 | 100 |
| Башка салык | 61 | 15,25 | 339 | 84,75 | 400 | 100 |

Респонденттер салыктык жүгүн эң аз сезген салыктар сатуу салыгы (8,25 пайыз) жана жер салыгы (3,25 пайызы) экендиги аныкталды. Ошол эле мезгилде, респонденттердин 19,5 пайызы эч бир салыкты төлөбөгөндүгүн билдиришкен.

**Жыйынтык**

Салыктар мамлекеттин эң негизги кирешеси болгондуктан, салык төлөөчүлөрдүн салыктык жүрүм-туруму жана салык боюнча ой-пикирлери маанилүү болуп саналат. Бул макалада Кыргызстанда салык төлөөчүлөрдүн салыктык кабылдоолору изилденди. Изилдөөнүн жыйынтыктарына карата төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

- Респонденттердин 87,75 пайызы салыктын керек экендигин айтышкан жана бул салыктык аң сезимдин жогору экендигин билдирет.
- Жалпысынан алганда сурамжылоого катышкандардын 83,25 пайызы (салыкты ыйык милдет катары кабыл алгандар (14,5 пайыз) менен салыкты коомдук кызматтар үчүн төлөм деп эсептегендер (68,75 пайыз) бирге) салыкка оң көз караште экендигин билдиришкен. Ошол эле мезгилде, респонденттердин 68,75 пайызы салыкты коомдук кызматтар үчүн төлөм деп эсептегендиктен алардын салыкка болгон мамилелери мамлекет тарабынан камсыз кылынган коомдук кызматтардын (билим берүү, саламаттыкты сактоо ж.б.) сапатына жана жеткиликтүүлүгүнө жараша боло тургандыгын айтууга болот.
- Респонденттердин 24,75 пайызы кошумча нарк салыгын жана 10,5 пайызы гана сатуудан алынуучу салыкты төлөгөндүгүн билдиришкен. Кошумча нарк салыгы жана сатуудан алынуучу салык дээрлик бардык салык төлөөчүлөр төлөгөн салыктар болуп саналат. Бирок бул салыктар кыйыр салык болуп саналгандыктан салык төлөөчүлөрдүн бул салыктарды төлөгөндүгүн билишпегендиги аныкталды. Бул болсо салык төлөөчүлөрдүн салык төлөп жаткандыгын сезбегендигин же билбегендигин көрсөтүп турат.
- Респонденттердин салыктардын ичинен эң көп киреше салыгынын жүгүн сезээри (26,5 пайызы) аныкталды. Респонденттердин салыштырмалуу түз салыктардын жүгүн көбүрөөк сезээрин айтууга болот.

Колдонулган адабияттар

1. Abdiyeva, R. & Cumakunova, T. (2017). Vergi Bilincini Etkileyen Demografik ve Siyasi Faktörler: Kırgızistan Örneği. *Sosyoekonomi*, *25*(2), 71–80. https://doi.org/10.17233/sosyoekonomi.289927
2. Akıncı, A. & Başol, O. (2015). Vergi algısı üzerine bir alan araştırması: Kırklareli ilinde yaşayan insanların vergi algısı. Dumlupınar Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi, 43, 170179.
3. Alm, J., Martinez-Vazque, J., and Torgler, B. (2006) Russian Attitudes Towards Paying Taxes – Before, During and After the Transition. International Journal ofd Social Economics, 33 (12), 832-857.
4. Frey, B.S. and Torgler, B. (2007) “Tax Morale and Conditional Cooperation”, Journal of Economic Comparative Economics, 35, pp. 141-144.
5. Özgün, Z. ve C. Yüksel (2018) Mersin’de Vergi Mükelleflerinin Vergi Algisi, Vergi Bilinci ve Vergi Ahlaki Düzeyinin Ölçülmesi, Mersin Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü e-dergi Cilt 1 - Sayı 2 / Haziran: 33-48s
6. Sağlam, M. (2013). Vergi algısı ve vergi bilinci üzerine bir araştırma: İktisadi ve idari bilimler fakültesi öğrencilerinde vergi algısı ve bilinci. Sosyoekonomi, 1, 315-334.
7. Torgler, B., (2004). “Tax Morale Trust and Corruption: Empirical Evidence from Transition Countries”, CREMA Working Paper, No: 2004-5, Basel**.**
8. Torgler and Schaffner (2007) “What Shapes Attitudes Toward Paying Taxes? Evidence from Multicultural European Countries”, Social Science Quarterly, Vol. 88, No 2., pp. 443-467